# МАШАЯКТЫН АРТЫНАН ЧЫНДАП ЭЭРЧҮҮ

## (Чыныгы машаякчылык тууралу)

Автору: Рэй Ч. Стедман

Сериясы: Айрым каттар – Доктриналык темалар

**Ыйык Жазуудан: 2 Коринфтиктерге 2:14 — 3:5**

Келишим – бул адамдардын ортосундагы макулдашуу. Турмуштагы бардык нерсе макулдашуунун аркасынан башталып да, жашап да турат. Эки адам чогуу бизнес кылгылары келишсе, биринчи кезекте алар контракт же шериктештик макулдугун түзүшөт. Бул алардын иштеринин шарттарын аныктаган негизги келишим болуп эсептелет. Нике дагы ошол келишимдин түрлөрүнүн бири. Үй-бүлө куруп жаткан аял менен эркек оорчулуктарга карабай, чогуу болуп, кыйынчылыктарды чечип, өз тапкан ташыгандарын чогуу бөлүшөбүз деп бир-бирине убада беришет. Атүгүл өмүрдүн өзү да фундаменталдуу макулдашуу болуп саналат. Өмүр бул Жараткандын биз менен түзгөн келишиминин жемиши. Демек, Кудай биздин жашообуз үчүн бардык керек нерсе менен камсыз кылууга макул. Эч кимибиз өзүбүздү өз күч-кубатыбыз менен жеткилең камсыздай албайбыз, муну Кудай гана жасай алат. Кудай муну ушунчалык үзгүлтүксүз, тынымсыз кылгандыктан бул энергияны өзүбүз чыгарабыз, ал бизге мүнөздүү деген жалган кыялга ишене баштайбыз. Баарыбыз ушунчалык бир нерсени кылайын деп чечим чыгарып, анан дароо ишке өткөнгө көнгөндүктөн, эгер Кудай бизге күч бербесе, пландаштырганыбызды ишке ашыра албай каларыбызды ойлоп да койбойбуз. Эгер бизден болбогон ушул күч жок болсо, анда булчуңубузду кыймылдатып, колубузду көтөрүп же көзүбүздү ирмей да алмак эмеспиз. Бардык адамдар ушундай принцип менен жашашат, бирок алар ушул эң негизги чындыкты көз жаздымга салышат. Кызык, эң башкы чындыкты аңдап билиш ушунчалык татаал, анткени биз аны кадыресе көрүнүш катары кабылдайбыз да. Бул ушунчалык биздин ажырагыс бөлүгүбүз болгондуктан, биз ал тууралу ойлонуп да койбойбуз.

Ыйык Жазмаларда Машаяктын элчиси Пабыл эски ыйык келишим жана жаңы ыйык келишим деп атаган нерсе бар. Мен таалим сөз айтканымда, ушул эки келишимдеги чындыкты толук кандуу бериш үчүн Коринфтиктерге жазылган экинчи каттагы бир үзүндүдөн мисалды көп

келтирем. Бул каттын 3-бөлүмү, 4-аятында Пабыл абдан кызык бир нерсени айтат: *«Биз Кудайдын алдында Машаяк аркылуу ушундай ишенимге ээ болдук».*

Кайсы ишенимге? Ал бул жерден бир нерсеге шилтеме берип жатканы ачык көрүнөт. Пабыл өз жашоосунда туйган, ага адам жана Машаяктын элчиси катары жашаганга жол берген өткүр, батыл, адекваттык ишенимдүү сезимге шилтеме берип жатат. Элчи бул ишеним, бул адекваттуулук белгилүү бир булактан чыгат дейт. Мен бул тууралу кеңири айтпайм, бирок Пабыл кайсы ишеним жөнүндө айтып жатканын сизге көрсөткүм келет. 2-аятта, 14-аятта Пабыл мындай дейт:

*«Машаяк аркылуу бизге ар дайым жеңиш берген жана Өзүн таанып билүүнүн жагымдуу жытын ар кайсы жерде биз аркылуу таратып жаткан Кудайга ыраазыбыз!» (2 Кор. 2:14).*

Мына бул - ошол ишеним. Сизге ал дайыма жеңгенге жардамдашышат. Жеңилип, уттуруп, алсыз болбойсуз, тескерисинче, жеңип, салтанат курасыз. «Машаяк аркылуу бизге ар дайым жеңиш берген жана Өзүн таанып билүүнүн жагымдуу жытын ар кайсы жерде биз аркылуу таратып жаткан Кудайга ыраазыбыз! Анткени Кудай үчүн биз куткарыла тургандардын арасында да, өлүмгө бара жаткандардын арасында да Машаяктын жагымдуу жытыбыз. Бирөөлөр үчүн өлүм алып келген өлүм жыты болсок, башка бирөөлөр үчүн өмүр алып келген өмүр жытыбыз» (2 Кор. 14-16).

Андан кийин Пабыл кийинки суроону берет: *«Андай болсо бул ишке ким жөндөмдүү?» (2 Кор. 16).* Мына ушундай жөндөмдүүлүктү жана толуктукту кайдан алсак болот? Кайсы семинар же курс сизге ушуну берет? Мени дайыма журналдардагы жарнак суктандырчу. Анткени ал дайыма толуктуктун сырын сунуш кылат эмеспи. Эгер сиз айрым бир дезодорантты сатып алсаңыз, ушунчалык кыйын болуп кетесиз да, бардык кырдаалдарды жеңе алат имишсиз. Же туура ооз чайкоочу суюктук же туура тиш пастасын колдонсоңуз, бул абдан сизге жардам берет экен. Азыр баары мындай жарнак жалган экенин билишет. Эч ким аны олуттуу кабыл албаса деле, адамдар ошол продуктту сатып алып эле жатышат. Мындай жарнактын да максаты ушул да. Бирок эгер газеталык жана көчөдөгү жарнактардын убадасын олуттуу кабыл алсак, анда бул нерселерден кандайдыр бир өмүрдүн мүрөк суусун тапкандай эле болмоксуз. Алардын баары толуктукту сунуш кылышат, анткени адамдар дал ушуга умтулушат. Кишилер ар кыл кыйын кезеңдерди кантип жеңгенди билгилери келишет. Ага жооп кылып химиялык нерселерди гана эмес, ар түрдүү окуу курстарын да сунуш кылышат. Алардын биринин анно-

тациясы мындай деп жазылыптыр: «Сиз өзүңүздүн бардык жашыруун купуя күчтөрүңүздү таптыңызбы? Бул курска 10 доллар жибериңиз. Аны окуңуз да, сырдуу күчтөрдүн баарын алыңыз». Дагы эле бул ошол толуктуктун сыры боюнча сунуш. Бүгүн дүйнө аны ар кыл түрдө сунуштап жатат.

Пабыл 17-аятта мындай деп улантат: *«Биз көптөргө окшоп Кудайдын Сөзүн бурмалабайбыз. Кудай Сөзүн Кудайдан келген Сөз катары, Кудай алдында, Машаяк менен тыгыз байланышта болуп, чын жүрөктөн айтабыз». Чыны менен эле, биз өзүбүздү силерге кайрадан тааныштырышыбыз керекпи? Чыны менен эле, биз кээ бирөөлөр сыяктуу силерге мактоо катын жазганга же силерден ошондой кат алганга муктажбызбы?» (2 Кор. 2:17-3:1).*

Абдан таңгалычтуусу, бирок Коринфтеги бул адамдарды иерусалимдик кээ бир окутуучулар адаштырышыптыр. Алар ишенүүчүлөр башкалар сыяктуу эле өздөрүнүн жетишкендиктери менен мактануулары тийиш деп үйрөтүшкөн. Бул окутуучулар атүгүл Пабыл ушул окутууну карманбагандыктан Машаяктын элчиси жана Исанын он эки шакиртинин бири эмес деп шек санашкан. Алар бул адамдарга Пабылга кат жазып, кийинки жолу Коринфке келатканда, Машаяктын элчилери болгон Петирден же Жакыптан, Жакандан, же он экинин бирөөсүнөн сунуштоочу мактоо катты ала келүүсүн айткыла деп дешкен.

Буга Пабыл: «Бул тамашабы же чын эле ушинтип айтып жатасыңарбы? Ырас эле ушуну каалап жатасыңарбы? Өзүңөр биздин мактоо катыбыз экендигиңерди ойлонгон жоксуңарбы?» деп жооп берген:

*«Жүрөгүбүзгө жазылган, бардык адамдар таанышып да, окуп да жаткан биздин катыбыз силерсиңер. Силер биздин кызматыбыз аркылуу сыя менен эмес, тирүү Кудайдын Руху менен, таш лоокторго эмес, жүрөктүн эт лоокторуна жазылган Машаяктын каты экендигиңерди өзүңөр эле көрсөтүп жатасыңар» (2 Кор. 3:2-3).* Бирок кантип алар мактоо кат болушкан? Пабыл: «Өзүңөрдө эмне болуп өткөнүн карагылачы. Биз келип, силерге чындык сөзүн айткандан бери жашооңордогу өзгөрүштөрдү карагыла. Бир нерсе өзгөрдүбү?» деген. Анын Коринфтиктерге жазган Биринчи катында бир сонун аят бар: *«Же эмне, адилетсиздердин Кудайдын Падышачылыгын мурастабай тургандыгын билбейсиңерби?» (1 Кор. 6:9).* Андан ары бутпарастар, нике бузуучулар, бачабаздар, уурулар, аракечтер ж.б. саналат да: *«Айрымдарыңар ушундай адамдар элеңер. Бирок Теңирибиз Иса Машайактын ысымынын урматына Кудайыбыздын Руху аркылуу жуулдуңар, ыйыкталдыңар жана акталдыңар» (1 Кор. 6:11)* делет. Ырас эле алардын башынан укмуш-

туудай нерселер өттү. Андыктан Пабыл: «Өз жашооңорду карагыла. Эгер биз Жаратқандан келген чындык менен айтпасак, анда ушундай өзгөрүүлөр болмок беле? Силердин өзүңөрдүн өмүрүңөр биздин мактоо катыбыздын өзү» дейт.

Коринфтиктерге каттарды үйрөнүү боюнча жазган окуу китебимде мен ушундай жашоого мүнөздүү айрым сапаттарды санап өткөм. Биринчиден, анда кандайдыр бир чексиз оптимизм бар: *«...ар дайым Кудайга ыраазыбыз» дейт Пабыл (2 Кор. 2:14).* Бул Пабылдын кандай жашоо менен өмүр сүргөндүгүн белгилейт. Ал эмне гана кыйынчылыктар болбосун, баары үчүн ыракмат айтчу. Ошондой эле аны сөзсүз болчу ийгилик да коштоп жүрөт: *«Машаяк аркылуу бизге ар дайым жеңиш берген»* деген элчи (2 Кор. 2:14). Эч кандай жеңилиш жок. Бирок биз жеке Пабылдын эмес, Машаяктын пландарынын салтанаты жөнүндө айтып жатабыз.

Ошондой эле анда дагы унутулгус таасирдүүлүк да бар, ал жөнүндө 14-аяттын аягынан 16-аятка чейин айтылат. Пабыл кайсы жерде болбосун, ал бөлмөгө толуп кеткен атырдай, Масихтин жыпарындай болчу. Андан баш тарткандар үчүн бул өлүмдүн жыты болсо, кабыл алгандарга өмүр жыты эле. Ошондой эле чын жүрөктөн болгон чынчылдык бар. 17-аятта мындай айтылат: *«Биз көптөргө окшоп Кудайдын Сөзүн бурмалабайбыз. Кудай Сөзүн Кудайдан келген Сөз катары, Кудай алдында, Машаяк менен тыгыз байланышта болуп, чын жүрөктөн айтабыз».* Анан акырында талашсыз чындыкты эскере кетет. 3-бөлүмдө, 1-3 аяттарда Пабыл: *«силердин өз жашооңор биздин сөздөрүбүз жана иштерибиз Кудайдын Рухунан чыгып жаткандыгын далилдейт»* деген. Пабыл «Андай болсо бул ишке ким жөндөмдүү?» дегенде мына ушуну айткан болучу (2 Кор. 2:16). Мындай өмүрдүн сырын кайдан тапсак болот? Анын жообу – жаңы ыйык келишим. Ал мындай дейт: *«Биз Кудайдын алдында Машаяк аркылуу ушундай ишенимге ээ болдук. Биз өзүбүз бир нерсе жөнүндө ойлонууга жөндөмдүү эмеспиз, биздин жөндөмдүүлүгүбүз Кудайдан. Ал бизге Жаңы Келишимдин кызматчылары болууга жөндөмдүүлүк берди. Бул кызмат болсо – мыйзам тамгасына эмес, Рухка негизделген кызмат. Анткени мыйзам тамгасы өлтүрөт, ал эми Рух өмүр берет» (2 Кор. 3:4-6).*

Бардык адамдар биз машаякчы болуп калганда билип калган жаңы эмес, эски ыйык келишимдин эрежелери менен жашаган бул дүйнөдө төрөлүшөт. Бирок сиздин машаякчы болгонуңуз, автоматтык түрдө жаңы ыйык келишим боюнча жашап калганыңызды билдирбейт. Так ошондуктан ушунчалык чаташкан, ички дүйнөсү талкаланган, ишенбөөчүлөр сыяктуу жашоосун башкара албаган машаякчылар көп кездешет. Алар машаякчы болушса да, Исанын окутуусунун баалуулугун таба алышкан

эмес. Иса Эгебизде алар үчүн мүмкүн болгон жаңы ыйык келишим менен жашаганды үйрөнө алышпаган. Көбүнчө алар дагы эле эски ыйык келишим менен өмүр сүрүшүүдө. Мына ушул нерсе алардын башын айлантып жатат.

«Эски ыйык келишим» дегенимде эмнени айтып жатам? Пабыл аны Мусанын Мыйзамы менен байланыштырып, *«Ташка чегилип жазылган, өлүм алып келүүчү мыйзам тамгасы»* деп атайт (2 Кор. 3:7). Эмне үчүн Пабыл аны Мусанын Мыйзамы менен байланыштырган. Анткени мыйзам бизге Адам атадан калган кишилик жашообуздун негизи түп тамырынан бери туура эмес экендигин көрсөтүү үчүн берилген болучу. Ал ишке ашпайт. Мыйзам муну баарынан айкын түшүндүрөт. Мыйзам бизге талап коет, анан ошону аткарганга аракет кылганыбызда, таптакыр анте албай турганыбызды түшүнөбүз. Өз күчүнө эле таянып эч ким Он Осуятты аткара алган эмес. Эгер бул айтканыма каршы болсоңуз, анда жыйырма төрт саат бою ушул Он Осуяттардын талабына шайкеш келгенге бүт аракетиңизди жумшаңыз. Мен сизге кепилдик берем, он беш мүнөт өтпөй жатып, алардын арасынан жок дегенде бирди, алсак «бирөөнүкүн каалаба» дегенин бузуп таштайсыз. Бир бөлмөнү эле караганыңызда, сизге жагып калган башка адамдын буюмун каалабашыңыз керек экенин билгизет. Мыйзам деген мына ушул! Ал бизге азыркы турмуш образыбыз, Адам атадагы жашоо ресурстарыбыз иштебей тургандыгын көрсөтүү үчүн берилген. Пабыл жаңы ыйык келишим мындай болот дейт: бизден болгон эч нерсе жок, баары Жараткандан: *«Биз өзүбүз бир нерсе жөнүндө ойлонууга жөндөмдүү эмеспиз (бизден эмес), биздин жөндөмдүүлүгүбүз Кудайдан (баары Кудайдан)» (2 Кор. 3:5).*

Бир гана Жараткандын өзүнүн биздеги иши аракет кылганга жана мындай жашоого жеткенге мүмкүндүк берет. Албетте, эгер биз ошого жетүүнү кааласак. Эгер жаңы ыйык келишим ушундай болсо, анда сиздин оюңузча, эски ыйык келишим кандай? Ал «Кудайдан эч нерсесиз эле, баары бизден» болот деген түшүнүк.

Машаякчы бардык учурда ушул эки варианттын бирине таянып жашап турат. Экөөнү тең чогуу пайдалануу мүмкүн эмес. Иса мындай деген: *«Эч ким эки кожоюнга кул боло албайт. Бирин жаман көрүп, бирин жакшы көрөт; бирине жан-дили менен берилип, экинчисин барк албайт. Бир эле учурда Кудайга да, байлыкка да кызмат кыла албайсыңар» (Мат.* 6:24). Эки вариантты тең карманган болбойт, экөөнү чогуу колдонуу мүмкүн эмес. Азыркы мезгилде гана жашоо керек, анткени учур чак гана бизге жеткиликтүү, келечек али келе элек, ал эми өткөн чак болсо кеткен. Азыркы учур чакта гана жашаганга болот, демек, сиз өмүрүңүздү эскиде же жаңы ыйык келишимде сүрөсүз, бирок экөөндө тең жүрө албайсыз.

«Бирок кантип? – дээрсиз. – Түшүнбөйм. Кантип Иса Машаякка ишенүүчү Кудайдан эч нерсе көз каранды болбой тургандай өзүн алып жүрсүн? Албетте, биз Жаратқандан көз карандыбыз». Бул ушунчалык жөнөкөй болгону аябай таңгаларлык. Биз баарыбыз Кудай бар экенин билебиз, бирок ал бир нерсе жасай турганына өзгөчө көңүл буруп, басым деле жасабайбыз. Көйгөй мына ушунда. Азыркы ишенүүчүлөрдүн жамааттарынын эң негизги проблемасы ушул.

Дүйнөдө саякаттап жүрүп, мен дайыма машаякчылар Кудайдан абдан аз нерсе күтүшөрүн, алардын жамааттары бизнес-компаниялар сыяктуу башкарыла тургандыгын, эч качан Жаратқандан кичине да жардам күтүшпөгөндүгүнө дайыма таңгала берем. Баары өзүбүздөн гана көз каранды болот. Баары уюшкандыкта болуусу тийиш. Бүт баары адамдык күчтөр менен аткарылышы керек имиш.

Албетте, Жаратқан – тартиптин Кудайы. Бирок ал уюмдун Кудайы эмес. Уюмдар көп учурда Ыйык Рухту алмаштыруучу болуп калат. Бир жолу кайсы бирөө айткандай, эгер Ыйык Рух бул өлкөнүн ишенүүчүлөрүнүн көптөгөн жыйындарын кокустан эле таштап кетсе, анда муну эч ким байкап калмак эмес, анткени ага эч ким таянган эмес да.

Бул кандай болорун сүрөттөп берейин. Иса беш миң адамды тойгузган окуяны эстесеңиз. Бул окуя кечинде, жээктин жанында өткөн. Көпчүлүк калк Исаны күн бою угушуп, курсактары ачып кетти. Филипп Исага келип: «Элди тарат, айылдарга барып, өздөрүнө тамак-аш сатып алышсын», – дейт (Мат. 14:15). Иса ага: «Элди таратуунун кереги жок, аларга тамак-ашты силер бергиле» деп жооп берди (Мт.14:16). Буга Филипп: «Биздин акчабыз жок, дүкөндөр жабык. Банктан кредит алалбайбыз, азыр колубуздан эмне келет?» деп ийнин куушурду (Жкн. 6:7). Филипп өзүнүн адамдык ресурстарына таянган. Ал эми анын алдында болсо өзү көп жолу керемет жасаганын көргөн Иса Эгеси турбады беле. Бирок Филипп ага үмүттөнбөйт. Ал табигый турмуштук ресурстарга ишенген. Эгер Филипп атеист болсо, анан Иса ага «Сен аларды тойгуз» десе, анда деле сөздөрү ошондой эле болмок. Башкача айтканда, ушундай окуяда ишенүүчү да, ишенбөөчү да өздөрүн бирдей алып жүрүшөт.

Биз мындай иштерди абдан көп, абдан жеңил жасайбыз. Кудай бизге бир нерсени жасаганды буйруганда, дароо: «Бул үчүн даярдыгым, керектүү билимим, тажрыйбам жетишеби? Ушул курсту өттүм беле? Колуман келеби? Мүнөзүм келишер бекен?» деп айта баштабыз. Мен сизге пландаштырбай эле койгула деп жаткан жокмун, анткени Жаратқан бизди бир ишти кылганга жана башкаларды кылбаганга чакырат эмеспи. Бирок маселе сиз бир нерсе жасаарыңызда кимге үмүттөнгөнүңүздө. Өзүңүзгөбү же сиздеги Жаратқангабы?

Мына ушунда жаңы жана эски ыйык келишимдин айырмачылыгы камтылган. Эскиси мындай дейт: «Мен баарын өзүм жасашым керек, баары өзүмөн көз каранды. Эгер колуман келбесе, анда эч нерсе болбой калат». Экинчи жагынан сиздин позицияңыз баары Кудайдан көз каранды болот деши ыктымал. Кудай сизди чакырып, өзү иштей турган өкүл болууңузду суранган. Мына ушул жаңы ыйык макулдашуу дегендин өзү. Так ошол нерсе Пабыл 2 Кор. 2:14-17 аяттарда сүрөттөгөн жашоону ишке ашырат. Эски келишим Пабыл «күнөөкөр табияттын иштери» деп атаган нерселерди чыгарат. Анткени эски ыйык макулдашуу деген күнөөкөр табияттын иштеп жатканы эмеспи. Мына ошондуктан ал дароо эле байкалган айкын иштерди жасайт: *«Күнөөкөр табияттын иштери болсо белгилүү, алар: ойноштук кылуу, нике бузуу, ыпыластык, адепсиздик, бутка табынуу, сыйкырчылык кылуу, касташуу, чыр-чатак, көрө албастык, ачуулануу, уруш-талаш, келишпестик, жалган окутуу, жек көрүү, киши өлтүрүү, аракечтик, шапар тебүү жана башка ушул сыяктуулар. Силерге мурда эскерткенимдей эле, дагы да эскертемин: мындай кылуучулар Кудайдын Падышачылыгын мурасташпайт» (Гал. 5:19-21).*

Бул Пабылдын римдиктерге жазылган катында айткан күрөштү түшүндүрөт: *«Мен өзүмдүн эмне кылып жатканымды түшүнбөйм. Анткени мен өзүм каалаганды эмес, өзүм жек көргөндү кылып жатам» (Рим. 7:15).* Сиздин башыңыздан ушундай өттү беле? Кудай үчүн бир нерсе жасаганга аракет кылып, бирок аягына чейин жетпей, жеңилип, айласы кетип, баарын таштагысы келип жаткан жаш, кызуу кандуу Машаяктын жолдоочусун же жеткилең, улуурак машаякчыны көрдүңүз беле? Ал акыры ырас эле ошондой кылат, баарын таштайт. Бирок бул үмүткө толгон стадия. Иса: «Кудайга өзүнүн муктаждыгын сезген, өз ресурстары бүтүп калгандар бактылуу» деген (Мат. 5:3). Эмнеге? «Анткени алар Кудай Падышалыгынын жарандары». Дал ушул чакта Жараткан сизге бир нерсе бериши ыктымал. Сиздин ресурстарыңыз түгөнгөн учурда ал өзүнүкүн бериши мүмкүн. Ошондуктан эски ыйык келишим: «Кудайдан эч нерсенин кереги жок, баары менден» болсо, жаңы ыйык келишим «Баары менден эмес, Кудайдан чыгат» болот.

Сиз канчалык эски ыйык келишимдин астында жашап жатканыңызды көрүү үчүн өзүңүздү караңызчы. Өзүңүздөгү болгон күчтөргө: тегиңиз, алган билимиңиз, мүнөзүңүз, сырткы кейпиңиз же ж.б. таянып, ийгилик күтүп жаткан чыгарсыз. Мындай мамиле «Алым жетет, бул ишти кыла алам» деп өз күчүнө таянган экстравертти жаратат. Бирок ал өз сөздөрүндө өтө эле жупуну болушу ыктымал. Биз бардыгыбыз ушундай өзүмчүлдүгүбүздү жашыруу үчүн ар кандай айлаларды үйрөнүп алат эмеспизби: «Эч качан бул тема боюнча атайын даярдыгым жок эле, бирок ушул аймакта атайын тажрыйбам бар болчу, андыктан бүт күчүм

жумшап аракет кылайын» демиш болобуз. Мына ошентип биз адамдарга кылдаттык менен «Колуман келет» дегенди билдиребиз.

Же бизден суранып жаткан талаптарды, көйгөйдү, кырдаалды карап туруп: «Ой, буга алым жетпейт. Колуман келбейт. Ушундай ишти кыл деп суранбай эле койгула. Талантты Кудай таратып жатканда мен четте калгандардын биримин. Ушундайларды таптакыр жасай албайт экемин» деп ийнибизди куушурабыз. Бирок буларды айтып жатканда кимге карайсыз? Өзүңүзгө да! Өзүңүздүн «ресурстарым жок» дегениңизге таянып жатасыз, бирок сиз баары бир ошол эле адамга, өзүңүзгө карап жатасыз. Ошентип, экстраверт да, интроверт да туура эмес позицияда.

Биз, интроверттердин көпчүлүгү, дайыма экстраверттерге ичибиз күйөт, аларга окшош болгубуз келет эмеспи. Бирок ырас эле ошондой болсо, анда аша чаап кетмекпиз. Демек, бул биздин абалыбызды жакшыртпайт. Маанилүү нерсе, өзүбүзгө болгон ишенимден толугу менен баш тартып, ичиңерде болом жана силер аркылуу иштейм деп убада берген Жараткандын жумушуна ишене баштоо гана керек.

Флп. 2:13 аятында эң сонун убада жазылган, анда Пабыл «ишиңерге өз чечимиңерди табуу үчүн баргыла» деген («Куткарылганыңардын жемиштерин иш жүзүндө көрсөткүлө» дегенде ал бейишке түшүүнү эмес, сиз дуушарланып жаткан көйгөйлөрдү чечүү маанисинде айткан экен). *«Кудай силердеги тилекти да, аракетти да Өзүнүн жакшы ниети боюнча жаратарын билип туруп, өз чечимиңерди тапкыла»* дейт ал. Жаратканга жаккан жалгыз нерсе ишти өзү жасап жатканы. Адамдын кудайсыз өзү жасаган нерсеси Жаратканга жакпайт, анткени бул дайыма утулуш, дайыма кандайдыр бир мааниде жеткилеңдүү эмес болот. Жаратканга жаккан жалгыз нерсе- бул жетиктик, ал эми жеткилеңдикке жете алган жалгыз Кудай гана. Демек, Кудайга жаккан жалгыз вариант, жалгыз өмүр бул ишеним боюнча жашоо, б.а. Жараткан өзү сизде иштей турганын күтүү. Ишеним деген мына ушул. Ошондуктан Еврейлерге жазылган кат бизге: *«ишенимсиз Кудайга жагуу мүмкүн эмес»* дейт (Евр. 11:6), андыктан Жараткан бизге өзү берген жашоо гана ага жага турганын айткан. Бул жаңы ыйык келишим.

Мага Машаяктын элчиси Пабыл бул тууралу Дамаскка бараткан жолдо ишенип калгандан кийин жок дегенде он жылдай билбей жүргөнү абдан жардам берди. Биз бардыгыбыз кетирген кемчиликти ал да кетирген. Ал Машаяк тууралу кичине эле билгендери менен дүйнөнү Ага каратканга жөнөп кеткен. Өзүнүн ашкан акылын, айтылуу өткөн чагын, жогорку билимин, атүгүл жүйүттөргө жетүү үчүн жүйүт болгон ата тегин да колдонууну чечкен. Ал ошондо менде баары жетиштүү деп ойлогон да, эң

мыкты сапаттарын Филипиялыктарга жазган катында санап берген: *«Дегинкиси, денеме таянууга менде негиз бар. Эгерде кимдир бирөө денесине таянам дей турган болсо, анда мен денеме ага караганда көбүрөөк таяна алам. Сегизинчи күнү сүннөткө отургузулгамын, Ысрайыл тукумунун Бенжемин уруусунанмын, эврейден чыккан эврейммин, окутуу боюнча фарисеймин, кызганчаактык жагынан Жыйынды куугунтуктоочумун, мыйзамдын негизиндеги адилеттик боюнча кемчиликсизмин» (Флп. 3:4-6).* Ырас эле анда артыкчылыктар көп эле. Ишенип калгандан кийин да ал ошол эле нерселерге таянып кирген. Бирок буларды Дамаскта колдонгондо, эч ким Исаны кабыл албады. Анын ордуна калк аны таш бараңга алып өлтүрүүгө аракет кылды! Пабылга кылмышкерге окшоп, дубалдан себет менен түшүп, качып кеткенге туура келсе болобу!

Андан кийин ал Иерусалимге барды да, ошону эле жасады. Ал грек тилдүү жүйүттөргө барып, Иса алар күтүп жүргөн Машаяк деп ынандырганга аракет кылды. Бул анын өзү көнгөн жакын эли болчу. Пабыл аларга тилим өтөт деп ишенди. Бирок алар да аны таш бараңга алышты. Ошондо, көңүлү аябай чөгүп, жеңилген Пабыл ийбадатканага сыйынууга барганда, Эгебиз Иса ага көрүнүп: *«Иерусалимден тезирээк кеткин, анткени бул жерде сенин Мен жөнүндөгү күбөлөндүрүүңдү кабыл алышпайт" деди (Элч. иш. 22:18).* Ал эми буга Пабыл эмне жооп берди? Ал бизге бул жөнүндө 22-бөлүмдө айтат. Мен аны өз сөзүм менен жалпы маанисин берейин: «Эгем, сен бул кырдаалды түшүнбөй жатасың. Ушинтип эң улуу мүмкүнчүлүктү кое берүүдөсүң. Бул адамдарга жетүү үчүн менде кандай гана каражаттар бар экендигин түшүнөсүңбү? Мен бир кезде алардын бирөөсү болчумун да. Алардын тилин жакшы билем. Салттарын, жүрүм-турумун эң сонун түшүнөм. Бул жүйүттөргө менден башка эч кимдин күчү жетпейт. Мени алыска айдап жиберип, эмне кылып жатканыңды билбейсиң. Неге? Бул сенин өмүрүңдөгү эң улуу мүмкүнчүлүк эмеспи?» (Элч. иш. 22:19-20). Бирок Иса ага бир эле *«Бар!»* деген сөз менен жооп берди. Андан кийин Ал: *«Мени менен талашпа. Баргын, Мен сени алыска, бутпарастарга жиберемин»* – деди (Элч. иш. 22:21).

Ошентип, Пабылды жердеги эң татаал жайга – анын туулган шаары Тарсага жиберишти. Анан абдан катуу ойгонуу болгон Антиохия шаарына чогуу жөнөө үчүн Барнаба аны издеп барганга чейин, кийинки он жыл бою биз ал тууралу эч нерсе укпайбыз. Пабыл ошондо Барнабага жардамдашканга макул болот. Эми ал таптакыр башка адам болуп калган эле. Ал эски ыйык келишимден жаңыга өткөнгө үйрөнгөн. Филипиялыктарга катында ал бир улуу чындыкты билгенин айтат: мурда ал жетишкендиктер деп эсептегендер Машаяктын Пабылга карата ишенүүсүнүн жана жумушунун улуулугунун алдында малдын кыгы гана болуп калды дейт (Флп. 3:8).

Жашоонун сыры деген мына ушундай экен. Адам ата да ошондой өмүр сүрүү үчүн жаралган. Ал башында так ушундай жашаган эле. Адам ата жаралганда эле ичинде Кудай Руху жашаган, ошондуктан ал эмне кылбасын баарын Жараткандын күчүндө жасачу. Адам бак тигип, отоо чөптөрдү жулуп, бадалдарды көтөрүп, жаныбарларга ат коюп ж.б. кылганда мунун баарын Кудайдын акылмандуулугу жана күчү менен кылган. Демек, бул туура болгон. Бул ошол кырдаалга шайкеш келген. Мунун баарын андагы Жараткан жасачу. Адамда баарын кантип туура жасаганга болот деген зор, толкундаган сезим бар эле. Ал ичимде жашап жаткан Жараткан мени дайыма керектүү нерсе менен камсыз кылат деген ишеним менен кылган. Мына, жаңы ыйык келишим деген ушу. Жараткан Адам дагы эле андан ары Кудай ага керектүү билимдер менен камсыз кыла берерине таяна турганын билдирген тил алууну сунуш кылганда, ал тил албоону тандады да, бул мамилелерди жоготуп алды. Кудайдын Руху анын кишилик рухун таштап кетти. Адам ата ошентип кийин биз бардыгыбыз төрөлгөн, ийгиликке жетүү үчүн өзүбүздүн ичибиздеги бир нерсеге таянган абалга түшүп кетти. Дал ушул абал азыр бизди жок кылып жатат.

Бул киши ишмердүүлүгү жана адам өмүрүнүн көйгөйлөрүн түшүнүү үчүн эң негизги чындык болуп саналат. Элдерди алардын көйгөйү туура эмес ресурска таянгандыгында жатат деп үйрөтүшүбүз керек. Бул сабакты өздөштүрүү жеңил эмес, көп аракетти талап кылат. Ал Ыйык Жазмалардан кантип чыга тургандыгын чыдамдуулук менен айтып беришибиз зарыл. Анан аларга өзүнүн күнөөкөр табиятын аңдап, ар кыл кырдаалдарды сын көздөн өткөрүп, эски же жаңы келишимден чыгып жаткандарын түшүнүүгө аракет кылганга жардам берели.

Бул адамдарга туура иш кылууга көмөк көрсөтүүнүн эң негизги кадамы. Жараткан толугу менен эски ыйык келишимди четке кагат. Ыйык Жазмалар аны «күнөөкөр табият» деп атайт, ал эми «күнөөкөр табият Кудайга жага албайт» (Рим. 8:8). Күнөөкөр табияттын тыянагы – өлүм. Анда өз жашооңдо көңүлсүздүк, тынчсыздануу, коркунуч, жек көрүү, каар, ач көздүк ж.б. өңдүү өмүрдүн негативдүү сезимдерин баштан өткөрө баштайсың. Бул эгер менде бар деп ойлогон нерсеге таянсак, анда өлүмдүн келиши.

Бул адамдар роботторго айланып кете турганын билгизбейт. Адам атада болгондой, бизде да тандоо укугу калат. Кишилерге жасоо бийлиги эмес, тандоо бийлиги берилген. Бирдемени жасайын деп чечкениңизде, башка бир нерсе сизге ички күч-кубат берет. Ошол нерсе «күнөөкөр табият» деп аталган жашоонун эски, бузулган түрү же «Рухтун жемиштерин» туудурган жаңы өмүр болот (Гал. 5:22). Бирок сиз эскини четке какканда гана, жаңыны тандай аласыз. Мунун ачкычы ушунда.

Көпчүлүгүбүз Рухтагы бул жашоо тууралу бирдеме билебиз. Биз ушундай жашаганга аракет кылабыз, бирок эки өмүрдү тең чогуу кармануугa умтулабыз. Мына ушундан көп көйгөйлөр чыгат. Мен муну бардык жактан көрүп жатам. Эгер жаңыдан башталган жамаатка Дененин Жашоосу тууралу айтсаңыз, алар бүт программаны ошол эле бойдон калтырып, Дененин Жашоосун ошого жөн гана кошуп койгулары келерин көрөсүз. Эч ким эч нерсени бузуп, жок кылгысы келбейт, бирок антпесе, анда жаңы эчтеме жасалбайт. Иса: *«Эч ким эски кийимге жаңы кездемеден жамачы салбайт. Анткени жаңы салынган жамачы эски кийимден сөгүлүп, жыртык мурункудан да чоңболуп калат. Ошондой эле жаңы шарапты эски чаначка куйбайт. Болбосо чанач айрылып, шарап төгүлүп, чанач жараксыз болуп калат. Жаңы шарапты жаңы чаначка куят, ошондо экөө теңсакталат» (Мт. 9:16-17).* Мындан баш тартуу керек да, кайрадан жаңыдан баштоо кажет. Бирок биз дайым эскини карманып, ичибиздеги бир нерседен көз каранды болуп, анан ошого Жаратканды кошкубуз келет.

Сиз муну өз сыйынууларыңыздан байкап каласызбы? Кудайга келип: «Ата, мен баарын эсептеп койдум, сенин ушуга батаңды берип коюшуңду эле каалайм» деп айткан учуруңуз болобу? Муну менен эмне айтабыз? «Баары менден көз каранды. Сен ушунун бардыгы ишке ашсын деп бирдеме кылышың эле керек» деп жатабыз. Ошентип, эски менен жаңыны аралаштырганга аракет кылабыз, бирок бул ишке ашпайт. Эч нерсе болбойт. Кудай мындай процесске жетеленбейт. Ал жөн гана колун жаят да: «Эгер баарын ушундай кылгың келсе, анда өзүң кыла бер. Мен болсо, кандай болот экен деп карап турайын» дейт. Анан ал чын эле биз акыры тумшугубуз менен жер сүзгөнчө карап турат. Качан эч нерсе болбой калганын билип, кайгырып, айлабыз кетип: «Кудай, жардам кыла көр» деп чакырганыбызда, ал: «Мен мындамын. Мен дайыма сенин жанында болгом. Эми баарын өзүм жасайм жана өзүмө гана таянам дебесең, анда сен аркылуу иштегенге даярмын» дейт. Мына ушу биз куралдар эмес, өкүлдөр экенибизди билгизет. Жараткан бизге тандаганга жол берет да, анан биз аркылуу иштейт. Бизге бул процессте сөзсүз чечим чыгарганга туура келет, ансыз эч нерсе ишке ашпайт. Бирок качан чечим кабыл алганыбызда, качан Кудайдын бизден эмне күтөрүн билгенибизде, анда буга жетүү үчүн эмнеге таянабыз? Бул улуу суроо. Мына ушунда жаңы ыйык келишимдин маңызы жатат.

# АУДИТОРИЯНЫН ПИКИРЛЕРИНЕ ЖАНА СУРООЛОРУНА ЖООПТОР

Зеригүү жана ачуулануу – күнөөкөр табияттын реакциялары. Рухтун жемиши болуп сүйүү, кубаныч, тынчтык, чыдамдуулук, момундук, сабырдуулук ж.б. жана шыктануу болот. Кудай өзү берген өмүр сыяктуу дайым бизди шыктандырат. Бирок бул эгер сиз Рухта жашасаңыз, анда сизде эч качан кыйын учурларыңыз болбойт дегенди билгизбейт. Мен ошентип айтып жаткан жокмун. Бирок Рухтагы жашоо эч качан көңүлсүз болбойт. Кээде анын абдан коркута турган жактары да болот. Жашооң ушундай татаал көйгөйлөргө толо болуп, аларды кантип жеңериңди билбей да калышың ыктымал, бирок көңүлсүз болбойт. Сиз абдан коркуп кетишиңиз мүмкүн, анткени коркунуч менен калтыроо машаякчынын жашоосунун бөлүгү болуп саналат. Бирок эч качан зеригүү же каардануу эмес. Каардын туура түрү бар, бирок ошондой эле кармана албаган, ачуулуу каар да болот. Мисалы, биз бирөө өзүнүн күнөөкөр табиятынан улам иш кылып жатканын көрөбүз да, буга капаланып, ачууланабыз. Анан өзүбүз да ушундай түрдө иш кыла баштайбыз. Так ошондуктан ойноштук кылып жатканда кармалган аял тууралу сонун икаяда Иса соттоочуларды айыптаган. Эгебиз аларга жөн эле отуруп алып, аялгө сөөмөй кезегенге жол берген жок. Иса алардын өздөрүнө сөөмөйүн кезеди да: «Кимиңер күнөөсүз болсоңор, анда ага биринчи таш ыргыткыла» деди (Жкн. 8:7).

### С. Турмушта адам чын эле жаңы ыйык келишимге кирип, аны таанып билип, бул абалда күндөр, жумалар бою жашай алабы?

**Ж.** Мен жаңы ыйык келишим менен күндөп, жумалап жашоого мүмкүнчүлүк абдан аз, анткени биз каршылык көрсөтүп жаткан душманыбыз абдан акылдуу деп айтмакмын. Күнөөкөр табият өтө куу. Менин көз карашымча, сиз Рухта бир күн да жашай албайсыз. Эгер бир нече саат жашай алсаңыз, анда кубаныңыз. Бирок ошондой эле күнөөкөр табиятыңыздын жетеги менен көпкө жүрө берген да болбойт. Мунун мааниси ушул. Сиз өзүңүздү эски табиятыңызга шайкеш жашап жатканыңызды байкап, токтотуп калсаңыз болот (Мен эски күнөөкөр табият менен эле жашоону каалаган азгырыкты айтып жаткан жокмун. Бул ар кыл нерселер. Ачуулануу же ич күйүү азгырыгын, же кумарлануу азгырыгын ж.б. айырмалай билүүбүз тийиш. Бул күнөө эмес. Бардык айырмачылык ошол азгырыкты эмне кылганыбызда). Бирок эгер биз ага

азгырылып кетсек, анда ал көпкө чейин болбошу тийиш. Биз күнөөкөр табиятыбызды бат эле таанып койгонго үйрөнүшүбүз зарыл. Бардык маани ушунда. Ачуулануу, капалануу, чыдамсыздык, тынчсыздануу ж.б. болсун, бат эле муну байкап, андан кереги жок нерсе катары баш тартып, дароо Кудайга чуркап, мунун баарын анын алдына коюңуз. Ошондо биз Рухка кайрылып барабыз да, аны менен кийинки күнөөгө жыгылганга чейин жашай беребиз (анубыз да өтө эле бат болушу мүмкүн).

Ошентип, машаякчынын жашоосу – үзгүлтүксүз жеңиштердин өмүрү эмес. Бирок бул идеалда мүмкүн. Сөзсүз, Иса ушундай эле жашаган, бирок бизде күнөөкөр табиятты байкап, таанып коюу үчүн түшүнүктөрүбүз жана жөндөмдөрүбүз жетишсиз, андыктан бат эле кылтакка түшүп калабыз. Ошол себептен бизде кечиримдин ырайымы бар, анткени бул жыгылуулар Кудайга кайрылып келсек, анда биздин алга жылышыбызды кармай алышпайт. Биз мунун баарын Адам Атанын күнөөгө жыгылуусунан улам жоготуп алганбыз, бул башынан эле бизден көз каранды болбогон. Эгер сиз: «Жаңы келишимди эки жарым күн бою карманып жүргөн элем, эми мени карасаңар. Мен дагы күнөө кылдым да, убактым сая кетти» деп айта баштасаңар, анда бул сиз жаңы ыйык келишимди түшүнбөгөнүздү билгизет. Кандай гана болбосун, ушул мезгил бою мунун бардыгы сизден чыгып жаткан эмес. Күч кубатыңыздын булагына кайрылып барыңыз да, эмне туура эмес экенин көрсөткөнү үчүн Кудайга ыракмат айтып, алдыга жолуңузду уланта бериңиз.

Пабыл өзүнүн алдына койгон талаптарына коркуу жана калтыроо менен келгени жөнүндө көп жазганына көңүл бурсаңыз. Бул тууралу Иса да айткан. Ал Гефсимания багына баратканда «Жаным аябай кыйналып турат» деген (Мат. 26:38). Мына ошондуктан ал шакирттерди аны менен чогуу сыйынууну суранган. Коркуу менен калтыроо алсыздык менен жөндөмсүздүктү моюнга алат. Бул адамдык өмүрдө табигый көрүнүш. Биз ар бир кырдаалга так ушинтип киришебиз. Бирок ушуга эле токтотуп калбаңыз. Бул жөн эле калтыраган коркунуч эмес, алар Кудай жаныбызда, ал баарын кылат деген ишенимге, таянычка алып барышат. Мына ошондуктан көбүрөөк коркуп, калтырап турушубуз керек. Анткени алдыбызга коюлган талаптардан коркуу жана кичине туталануу же капалануу табигый эле көрүнүш, андан качууга аракет кылуунун кереги жок.

## С. Эгебиз жана анын элчилери тууралу айтканда жаңы ыйык келишим жөнүндө ойлонуу оңой. Бирок Муса жана эски ыйык келишимди кантебиз?

**Ж.** Муса эски ыйык келишимдин символу катары кызмат кылганы менен өзү жаңы келишим боюнча өмүр сүргөн. Эски ыйык келишим учурундагы ыйыктар тарыхый жактан али келе элек болсо да, жаңы ке-

лишимди түшүнүп, ал боюнча жашашкан экен. Жаңы ыйык келишим Исанын канында катылган: *«Анткени бул – көптөрдүн күнөөлөрүнүн кечирилиши үчүн төгүлүп, жаңы келишимди беките турган Менин каным» (Мт. 26:28).* Бирок эски келишим учурундагы ыйыктар биз сыяктуу Машаяктын өлүмү менен куткарылышса, анда биз сыңары Анын өмүрү менен да жашашкан. Демек, Муса фараон менен сүйлөшкөнгө күч берет деп Жаратканга таянган. Ал өзү Мусанын оозуна сөздү сала берет деген сөзүнө ишенгенде, жаңы ыйык келишим боюнча жашаган. Албетте, Мусанын өмүрүндө сиз экөөбүздүн жашообуздукундай ийгиликсиз, калпыс учурлар да кездешкен. Ал жөн гана сөз айтышы керек маалда асканы чаап жиберип, Кудайды укпай койгон учуру болгон. Ошонун азабынан ага убадаланган жерге киргенге жол берилбеди. Бирок ичиндеги Кудайдын ишинен улам Муса башчылыгы бир аз чектелип калганы менен калыбына келтирилген. Муса Кудайда калыбына келип, андан ары жолун уланткан сыяктуу биз дагы жемиштүү, таасирдүү кишилер болууну уланта берсек болот.

Албетте, кандайдыр бир мааниде Муса эски ыйык келишимдин символу болуп кызмат кылат, анткени ал Мыйзам менен байланышкан, ал эми Мыйзам дайыма күнөөкөр табият менен катышы бар. Эгер күнөөкөр табият болбосо, анда Мыйзам да болмок эмес. Мыйзам Адам менен Обого берилген эмес. Ал аларга керексиз эле. Мыйзам алардын жүрөгүндө жазылган болчу, анткени Жаратқандын өздөрүндөгү жумушуна ишенишкен. Алар ар бир кырдаалда кантип туура иш кылууну билишкен. Биз дагы ошондой, Рух боюнча жашашыбыз керек. Ошондуктан Пабыл биз ишене баштаганда эле Мыйзам иштегенин токтотот деп далилдейт. Бирок ишенгенибизди токтотор менен эле биздин ишенбестигибизди көрсөтүш үчүн Мыйзам кайрылып келет.

Жашоонун стандарты катары Мыйзам эч качан өзгөрүлбөйт. Мыйзам Кудайдын мүнөзүнүн көрүнүшү гана, ал эми Кудайдын мүнөзү өзгөрүлбөс. Эгер Жаратканга окшош болгубуз келсе, анда бул талаптар дайыма биз менен болот. Дүйнө, асман жана жер канчалык узак жашаганына да карабайт. Иса: *«Асман менен жер жок болуп кетет, Менин сөздөрүм* (Мыйзамдын сөздөрү) *болсо жок болбойт»* деген (Мт. 24:35; Мк. 13:31; Лк. 21:33), анткени алар Кудайдын мүнөзүн чагылдырышат. Мына ушул мааниде Мыйзам түбөлүккө калат. Бирок Машаякка ишенгениңизде, сиз үчүн Мыйзам ушуну менен токтойт. Сизден бир нерсени талап кылуу үчүн сизге мыйзамдын кереги жок.

Мен «Машаякка ишенүү» дегенде машаякчынын жетилиши жөнүндө айткан жокмун. Чыныгы машаякчы катары Исага таянуу дегенди айтып жатам. Анын ичиңиздеги жумушун күткөн ар бир учуруңузда, ал сизди өз жашоосу менен камсыз кылат деп үмүттөнөсүз, анан ушуга таянып

жатканыңызда, сизге Мыйзамдын кереги жок болот. Ал эми таянбай калганыңызда, сизге Мыйзам керек болот. Ал сизди оңдоону эле күтүп турат. Мына ушул мааниде Мыйзам дайыма ишенимге алып барат. Пабыл римдиктерге дал ушул жөнүндө айткан: *«Анткени Машаяк – мыйзамдын аягы, Ага ишенген адам адилдикке жетет» (Рим. 10:4).* Бирок муну «Иса – Мыйзамдын аягы» деп окубагыла. Анткени ал Исанын тоодогу насыятындагы сөздөрүнө карама каршы келет: *«...мыйзамдын бир да тамгасы, бир да белгиси жок болбойт» (Мт. 5:18).* Машаяк – ишенгендер үчүн Мыйзамдын аякталышы. Сиз ишеним менен иш кылганыңызда, Мыйзам менен иштегениңизди токтотосуз, анткени ишеним жана иштер карама-каршы нерселер. Сиз качан Мыйзам бар болгону үчүн аны аткарганга аракет кылып жатсаңыз – бул иштер. Бирок ичиңиздеги Кудайга жооп берип, ушул негизде иштесеңиз, бул ишеним. Сиз ушинтип Мыйзамды башка жол менен аткарган болосуз.

*Рей Стедмандын бул өзгөчө, алгачкы макалаларынын бири кийинчирээк иштелип, кеңейтилип чыккан. Натыйжада, «Машаяктын артынан чыныгы ээрчүү» (Authentic Christianity) аттуу бестселлер китеби жаралган. Аны китеп түрүндө жана интернеттен тапсаңыз болот.*